**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ШААРЫНЫН**
**П Р О К У Р А Т У Р А С Ы**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**П Р О К У Р А Т У Р А**
**ГОРОДА ОШ**

714000: Ош шаары,Моминова көч. 6
тел.: (03222) 7 09 92, факс: (03222) 7 13 64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

714000: город Ош, ул.Моминовой 6
тел.: (03222) 7 09 92, факс: (03222) 7 13 64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, р/с №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

26.04.24
№ 11-бр-465-24

На №______________ от ______________

Ош ОШКнын төрагасы
**К.Т.Бердибековага**

2024-жылдын 24-апрелиндеги Ы.Исаковдун "Ютуб" интернет булагына Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовдун штабына Ош шаарынын муниципалдык кызматта иштеген кызматкерлери кызматтык автоунаалары менен барып жаткандыгы чагылдырылган.

Аталган факты боюнча топтолгон материалдар 2024-жылдын 25-апрелинде Ош шаарынын прокуратурасынын МЭЖне 02-141-2024-000095 саны менен каттоого алынып, тергөөгө чейинки текшерү иштери башталып, учурда тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталып, ушул эле жылдын 26-апрелинде Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартылгандыгын билдиремин.

"Ошшаарсууканал" муниципалык ишканасынын директорунун орун басары Т.Байкишиевге, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын ижара бөлүмүнүн адиси К.Камчы уулуна жана Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорт департаментинин Ош аймактык башкармалыгынын башчысы Б.Жолдошбаевдерге карата тартиптик жоопкерчилигин карoo үчүн 3 сунуштама прокурордук актысы келтирилди.

Тиркеме: Кылмыш иш козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом 3 баракта.

Ош шаарынынын
прокурорунун орун басары **А.Кубатидинов**

№ 02-141-2024-000095-01-001-000046

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары 26.04.2024 -ж./г.

Ош шаарынын прокуратурасынын бөлүмүнүн улук прокурору Н.Жумаев, маалыматтардын электрондук журналына катталган 02-141-2024-000095 сандуу материалды карап чыгып, төмөндөгүлөрдү

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Ы.Исаковдун 2024-жылдын 24-апрелиндеги "Ютуб" социалдык тармагына Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовдун штабына Ош шаарынын муниципалдык кызматта иштеген кызматкерлери кызматтык автоунаалары менен барып жаткандыгы чагылдырылган.

Аталган факты боюнча топтолгон материалдар 2024-жылдын 25-апрелинде Ош шаарынын прокуратурасынын МЭЖне 02-141-2024-000095 саны менен каттоого алынып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Текшерүү көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-мартындагы "№7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындоо жөнүндө" ПЖ 77 сандуу Жарлыгы Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутатын шайлоо 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган.

Аталган №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча жалпысынан 18 талапкер катталып, учурда 13 талапкер калган.

Алардын ичинде №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына Б.Эргешовдун талапкердиги да коюлган.

Б.Эргешов депутаттыкка талапкердигин коюуда Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 27-мартындагы 121-к сандуу буйругу менен Ош муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасынын директору кызмат ордунан өз каалоосу менен жумуштан биротоло бошотулгандыгы аныкталган.

Ал эми, 2024-жылдын 24-апрелиндеги Ы.Исаковдун "Ютуб" социалдык тармагына чагылдырылган кызматкерлер - Ош шаардык Кеңешинин депутаты - З.Толубаев, Ош шаардык Кеңешинин депутаты жана "Газпром Кыргызстан" ЖЧКнын "Ошгаз" филиалынын башчысынын орун басары - М.Маматов, Кыргыз Республикасывнын транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорт департаментинин Ош аймактык башкармалыгынын башчысы - Б.Жолдошбаев, Ош шаардык маданият башкармалыгынын жетектөөчү адиси - У.Эгембердиев, Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасынын кызматкерлери - А.Жунусов, А.Атажанова, К.Абдибаетов, Н.Ашимжан уулу, Р.Жээналиев жана С.Сайдуллаевдер, "Ошшаарсууканал" муниципалык ишканасынын директорунун орун басары - Т.Байкишиев, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын ижара бөлүмүнүн адиси - К.Камчы уулу жана "Сулайман-Тоо" МАБнын башчысынын орун басары - Р.Эгембердиевдер тийиштүү кызмат

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

адамдары №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовдун штабында жүргөндүгү көрсөтүлгөн.

Аталган жагдай боюнча тергөөгө чейинки текшерүү мезгилинде Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасынын кызматкерлери Н.Ашимжан уулу 2024-жылдын 29-мартындагы 48-А сандуу буйругу менен, К.Абдибаетов жана С.Сайдуллаевдер ушул эле жылдын 2-апрелиндеги 64-А сандуу буйругу менен, А.Жунусов аталган ишкананын 2-апрелиндеги 67-А сандуу буйругу менен, Р.Жээналиев 2-апрелиндеги 66-А буйругу менен жана А.Атажанова 17-апрелиндеги 71-А сандуу буйруктары менен өз каалоосу менен жазган арыздарынын негизинде жумуштан бошотулгандыгы аныкталды.

Ош шаардык маданият башкармалыгынын жетектөөчү адиси У.Эгембердиев аталган башкармалыктын 2024-жылдын 1-апрелиндеги 57 сандуу буйругу менен өз каалоосу менен кызматынан бошотулган.

Башкача айтканда, жогорудагы аталган атуулдар №7 Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовго үгүт жүргүзүү учурунда жумуш ордуларынан бошоп, муниципалдык кызматтарда эмгектенбегендиктен, алардын аракеттеринде мыйзам бузуучулуктар аныкталган жок.

Ошондой эле, Ош шаардык Кеңешинин депутаты - З.Толубаев, Ош шаардык Кеңешинин депутаты жана "Газпром Кыргызстан" ЖЧКнын "Ошгаз" филиалынын башчысынын орун басары - М.Маматовдор өз көрсөтмөлөрүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовдун штабына ага ийгилик каалоо үчүн барышкандыгын, бирок эч кандай үгүттөө иштерин жүргүзүшпөгөндүгүн билдиришкен.

З.Толубаев жана М.Маматовдордун аракеттери Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 22-бер. 15-п. талаптарына ылайык мыйзам талаптары сакталган.

Ошондой эле, "Ошшаарсууканал" муниципалык ишканасынын директорунун орун басары - Т.Байкишиев, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын ижара бөлүмүнүн адиси К.Камчы уулдары өз көрсөтмөлөрүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешовдун тааныштарына жоолугуу үчүн гана барышкандыгын, бирок шайлоо боюнча үгүттөө иштерин жүргүзбөгөндүгүн, талапкерди колдоо же артыкчылык көрсөтүү боюнча эч кандай иш жүргүзүлбөгөндүгүн билдиришкен.

Ошондой эле, бул жагдай боюнча суралган "Ошшаарсууканал" муниципалык ишканасынын, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын жана Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасынын катардагы кызматкерлери өз көрсөтмөлөрүндө жогорудагы кызмат адамдары тарабынан №7 Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер тууралуу Б.Эргешовду колдоо боюнча үгүт иштерин жүргүзүшпөгөндүгүн жана кысым же талап болбогондугун билдиришкен.

Башкача айтканда, аты аталган кызматкерлердин Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 21-1-бер. көрсөтүлгөн мыйзамсыз аракеттер же административдик ресурс пайдалануусу далилденген жок.

Бирок, аталган кызматкерлер талапкер Б.Эргешовдун шайлоо штабында жүргөндүктөн, аларга карата тартиптик чара көрүлүүгө жатат. Андыктан, аталган кызматкерлердин тийиштүү жетекчиликтерине прокурордук акты сунуштамаларды келтирүүнү туура деп эсептеймин.

Кошумчалай кетчү жагдай, текшерүү учурунда Ош шаарынын мэриясы тарабынан 2024-жылдын 25-апрелиндеги Ош шаарынын мэриясынын кызматтык жана түзүмдүк бөлүмүнүн муниципалдык кызматчыларын, муниципалдык ишканалардын кызматкерлеринин аракеттерине териштирүү жөнүндө 187-к сандуу буйругу кабыл алынып, аталган комиссиянын корутундусунун негизинде

Ош шаарынын мэринин 2024-жылдын 25-апрелиндеги 189-к сандуу буйругу менен шайлоо боюнча үгүт иштерине тыюу салуу боюнча тийиштүү деңгээлде иш алып барбагандыгы үчүн Ош шаардык суу канал муниципалык ишканасынын директору Д.Кококчоровго “Эскертүү”, ушул эле күнү 190-к сандуу буйругу менен Ош шаардык маданият башкармалыгынын башчысы Э.Кадыркуловго “Сөгүш”, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы К.Имаровага “Эскертүү” тартиптик чаралары көрүпүп, 191-к сандуу буйругу менен “Сулайман-Тоо” МАБнын башчысынын орун басары Р.Эгембердиев шайлоо боюнча үгүт иштерине катышкандыгы үчүн ээлеген кызмат ордунан бошотулган.

Жогорудагылардын негизинде Ош бир мандаттуу округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Эргешов учурда кызматынан бошоп, муниципалдык кызматта иштебегендиктен, анын штабына барган кызмат адамдары тийиштүү тартипте Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык чаралар көрүлгөндүктөн жана алардын аракеттеринде кылмыштын курамы жок болгондуктан, бул факты боюнча

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Бул факты боюнча кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылып, алардын укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун көчүрмөсү Ош шаарынын прокуроруна кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун текшерүү үчүн жөнөтүлсүн.

Бөлүмдүн улук прокурору Жумаев Нарынбек Дегенбаевич